КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

БОЗ-УЧУК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БОЗ-УЧУКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 23 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2023-жыл 30-июнь № 23 Ново-Вознесеновка айылы**

**Боз-Учук айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин көбөйтүү жөнүндө**

Боз-Учук айыл аймагында АРИС аркылуу 65 миң АКШ долларды түзгөн (5,4 млн сом) "Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (КОВИД19 га чара көрүү боюнча) долбоору" ишке ашырылып жатат. Жалпы айыл аймактын калкы менен бирдикте, көйгөйлөр аныкталып, кайсы тармакка жумшааларына талдоо жүрүп, Ичке-Жергез айылына ФАП куруу боюнча проект жеңип, учурда фаптын сметасы жасалып жатат. ФАПтын курулушуна айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 1000,0 миң сом акча каражаты кошумча өздүк салым катары керек болууда.

Ушул керектелүүчү акча каражатын, киреше салыгынан (11111100) кошумча түшкөн – 1000,0 миң сомду алты айдын жыйынтыгы менен бюджетти көбөйтүүгө уруксат берүүңүздү суранабыз.

Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковдун жогорудагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап Боз-Учук айылдык кенеши **токтом кылат :**

1. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине жетишпеген төмөндөгү акча каражаты үчүн, жергиликтүү бюджетке жылдык пландан ашыкча түшкөн 1000,0 миң сом киреше салыгын көбөйтүп берүү жагы Ак-Суу райондук финансы башкармалыгынан суралсын.
   - Ичке-Жергез айылына фельдшердик акушердик пункт салуу долбооруна өздүк салым катары төлөп берүүгө
   - Аппарат бөлүмүнүн 3111 статьясынын 2290 элементине -1000,0 миң сом. Керектелүүчү акча каражатынын жалпы суммасы – 1000,0 миң сом.
2. Айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүүгө байланышкан иш-аракеттерди жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.
3. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы айылдык кенешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага Б.Термечиков**